DOI:10.26104/IVK.2023.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2023

*Жолдошев Н.Ж., Зайниев Р.А.*

# XIX КЫЛЫМДАГЫ ПАМИР КЫРГЫЗДАРЫНЫН УРУУЛУК КУРАМЫ

*Жолдошев Н.Ж., Зайниев Р.А.*

# РОДО-ПЛЕМЕННОЙ СОСТАВ ПАМИРСКИХ КЫРГЫЗОВ В XIX ВЕКЕ

*N. Joldoshev, R. Zainiev*

# TRIBAL COMPOSITION OF THE PAMIR KYRGYZ IN THE XIXTH CENTURY

*УДК: 392. 31 (575. 2)*

*Макалада XIX кылымда Кытай, Ооган жана Чыгыш Памирлеринде жашаган кыргыз уруулары, алардын ичинен ичкилик уруулары жана ал уруулардын уруктук курамы орус жана батыш изилдөөчүлөрдүн эмгектеринин негизинде комплекстүү изилдөөгө алынат. Изилдөөнүн натыйжасында жогоруда аталган Памирдин үч бөлүгүндө кыргыздын ичкилик уруу бирикмесинин бостон, кесек, кыдырша, кыпчак, найман, тейит уруулары басымдуулук кылып, аз санда каңды, нойгут, төөлөс уруулары жашары такталды. Аталган уруулар бирибири менен жакын болуп, бир уюткуну түзүп, Кашгар, Хотан, Каратегин аймактарында, Алай, Фергана өрөөндөрүндө, Өзбекстандын Жизак, Бахмал райондорунда жашаган кыргыз ичкилик уруулары менен тектештиги, алардын уруулук жана уруктук курамынын бирдей экендиги каралат.*

***Негизги сөздөр:*** *Памир, памир кыргыздары, бостон, кесек, кыдырша, кыпчак, найман, тейит.*

*В статье на основе работ русских и западно-европейских исследователей и путешественников комплексно изучаются кыргызские племена и их родоплеменной состав, проживавшие в Китайском, Афганском и на Восточном Памирах в XIX веке. В результате исследования установлено, что на этих трех частях Памира проживают кыргызские племена бостон, кесек, кыдырша, кыпчак, найман, тейит, и в малом количестве племена канды, нойгут, тёёлёс. Указанные племена не только близки друг другу, но и связаны родственными узами с кыргызскими племенами, проживающими в Кашгарском, Хотанском, Каратегинском регионах, Алайской, Ферганской долинах, Джизакском, Бахмальском районах Узбекистана, рассматривается их племенной состав и родовые подразделения.*

***Ключевые слова:*** *Памир, памирские кыргызы, бостон, кесек, кыдырша, кыпчак, найман, тейит.*

*The article, based on the works of Russian and Western European researchers and travelers, comprehensively studies the Kyrgyz tribes and their tribal composition that lived in the Chinese, Afghan and Eastern Pamirs in the 19th century. As a result of the study, it was established that these three parts of the Pamirs are inhabited by the Kyrgyz tribes Boston, Kesek, Kydyrsha, Kipchak, Naiman, Teyit, and in small numbers the Kanda, Noigut, and Tyolyos tribes. These tribes are not only close to each other, but are also connected by family ties with the Kyrgyz tribes living in the Kashgar, Khotan, Karategin regions, Alai, Fergana valleys, Jizzakh, Bakhmal regions of Uzbekistan, their tribal composition and clan divisions are considered.*

***Key words:*** *Pamir, Pamir Kyrgyz, Boston, Kesek, Kydyrsha, Kypchak, Naiman, Teiit.*

Азыркы убакта «Памир кыргыздары» деп аталган этностук топ Кытай Памири, Чыгыш Памир, Ооган Памири деп шарттуу түрдө аталган аймактарда жана Каратегиндин Жерге-Тал районунда жашашат.

Кытай Памирине Кытай Эл Республикасынын (КЭР) курамындагы Кызыл-Суу Кыргыз Автоном Районунун Ак-Тоо ооданынын Ак-Талаа, Булуң-Көл, Кызыл-Тоо, Можу, Чарлуң, Кашкар вилайетинин Көк-Жар (Суу-Башы ж.б.), Бийик айылдары кирет. Чыгыш Памир азыркы Тоолуу Бадахшан Автоном Облусуна караштуу 98% кыргыздар жашаган Мургаб району. Ооган Памири Ооганистандын Вахан тилкесинде жайгашкан аймак. Ал аймак шарттуу түрдө Кичи жана Улуу Памир деп экиге бөлүнөт, аймакта 100% кыргыздар жашашат.

Кытай Памиринде жашаган кыргыз уруулары жөнүндө поляк тектүү орус саякатчысы, аскер чыгыш таануучусу, генерал-лейтенант Б.Л. Громбчевский төмөнкүдөй маалыматтарды берет: Белен-Киик суусун бойлой кыпчактардын 3 боз үйү жана ушул эле санда Кокуй-Белде көчүп-конуп жашашат. Бозала өзөнүнөн (Булуң-Көлдөн 20 чакырым чыгышта) Баш-Гумбезге чейин, Курумчу бектин карамагындагы 300 түтүнгө чейинки кыргыздын тейит уруусу жайлашат. Алардын бардыгы кар аз жааган Булун-Көл жана Сум-Ташта кышташат. Керек болсо Чоң Памирге барып, кыштап келишет [1, 123, 173-бб.].

Тахт ашуусун бул жакка Пас-Раваттан келген кара-саадак тукумундагы кыргыздардын 30дай боз үйү жайлашат. Болжол менен узундугу 15 чакырым келген Арпалык өзөнүндө кийик-найман уруусундагы кыргыздардын 50гө чейинки боз үйү кышташат. Кызыл-Даван жана Кара-Даван ашууларынын ортосунда, ошондой эле Чарлюнгдун куймасы Каюс суусунун жээгинде ушундай эле сандагы кыргыздар кышташат. Жалпысынан бул аймакта Кутмухамед бектин башкаруусу астында кыргыздын кийик-найман уруусунун 100гө жакын түтүнү бар. Алардын жайлоосу Арпалик дарыясынын жогорку агымында жайгашкан Урман-Туз. Бул кыргыздар Чоң Алай өрөөнүнүн батыш тарабында жашаган Найман уруусунун бир бөлүгү [1, 509, 518-бб.].

Хан-Көл капчыгайы боюнча жана андан ары (Том, Сарай) кыргыздын 100 түтүнгө жакын мырза-найман уруусу көчүп жүрүшөт. Жалпысынан Каш-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



кар кырка тоосунун чыгыш капталдарында, жогоруда айтылган кийик-найман жана мырза-наймандардан тышкары, төмөнкү кыргыз уруулары көчүп жүрүшөт: жогорку агымында (Чичилик, Ямбулак) – 100 түтүнгө жакын кыпчактар; Кең-Көл суусунун төмөнкү агымында 100 түтүн кара-саадак; Кара-Таш суусун бойлоп кара-тейит менен жаман-тейиттердин 100гө жакын түтүнү [1, 519-б.].

Чимган кыштоосунда мырза-найман тукумундагы кыргыздардын 10 короосу бар. Кызыл-Таг тоолорунда кийик-найман тукумундагы кыргыздардын 100гө жакын түтүнү жана мырза-найман тукумундагы ошончо сандагы кыргыздар бар. Эки урууну тең өзүнчө бектер башкарат. Биринчиси – Кутмахомед бек, экинчиси – Карим бек [1, 520-б.].

Параше айылында жашаган кыргыз-кыпчактар жана башкалар, жалпысынан 3000ге чейин үй-бүлө толугу менен сарттaшып, отурукташкан калкка айланган. Булар айтылуу, атактуу Садык-бектин туугандары. Сугулук дарыясынын капчыгайын бойлой кыргыздын найман уруусунун 100гө жакын түтүнү жашайт. Бостон-Арча суусун бойлой калың токойлор бар жана бул жерде кыргыздын тор-айгыр, колчок урууларынын 50гө жакын түтүнү, Бостон-Терек суусун бойлой колчок уруусундагы кыргыздардын 50 түтүнү көчүп-конуп жүрүшөт [1, 543, 545-бб.].

Чимган дарыясы, башкалар сыяктуу эле, соолуп бараткан сай. Кыргыздын тор-айгыр тукумунун 50гө жакын түтүнү аны бойлоп көчүп жүрөт. Бөрү-Токой өзөнүндө 30 түтүн, Айык-Арт суусунун жана анын куймаларынын капчыгайын бойлой 60ка жакын тейит уруусунун түтүнү көчүп жүрүшөт. Кыргыз-тейитер – Маргалаң уездиндеги тейиттердин туугандары [1, 547-б.].

Б.Л. Громбчевскийдин берген маалыматтары боюнча Кытай Памирин *кесек* (кара-саадак), *кыпчак* (кыргыз-кыпчак, тор-айгыр, колчок), *найман* (кийик-найман, мырза-найман), *тейт* (жаман-тейит, кара-тейит) уруулары мекендешкен. Ошондой эле кыргыздын бостон уруусунун атына байланышкан Боза-ла, Бостон-Арча, Бостон-Терек топонимикалык аталыштар кездешет. Аталган жерде жашашкан кыргыз-кыпчактар – Жети-Шаар мамлекетин негиздөөчү эмир Жакыпбек менен так талашкан атактуу Садык-бектин туугандары; наймандар – Чоң Алай өрөөнүнүн батыш тарабында жашаган найман уруусунун бир бөлүгү; тейиттер – Фергана облусундагы Маргалаң уездиндеги тейиттердин туугандары экендиги маалым болду.

Орус генералы, аскер чалгынчысы, саякатчы-изилдөөчү Л.Г. Корниловдун берген маалыматына караганда Кытай Памиринде: «Кашгар уездинин Упал бектигинде 200 үй – тейит, Чимган бектигинде 500 үй – кыпчак, Ой-Таг бектигинде 100 үй – найман ой-тагчы, найман-сугурлук, Хан-Терек бектигинде 100 үй чал тейит, Гез бектигинде 110 үй – найман (гезчи, куприк-артчи, тугайчи), Мужи–Кийик-Баши бектигинде 180 үй – куран найман, кийик найман, жерде найман, Суу-Башы–Кара-Көл бектигинде 80 үй – кара тейит, жоон пут найман. Яркенд округунун Тагарма бектигинде 100 үй – кара тейит, кесек (бостон, мешке, кара саадак), кызыл аяк-кыпчак, Кара-Чукур бектигинде 25 үй – тейит, бостон-кесек, Кара-Таш бектигинде 230 үй – кара тейит, жаман тейит, нойгут. Янги-Гиссар уездинин Кызыл-Таг бектигинде 170 үй – мырза найман, төөлөс, кыпчак, жоон пут найман, Кеңкол-Чаарлун бектигинде 130 үй – кара кыпчак, сарт кыпчак, Пас-Рабат бектигинде 95 үй – кесек (мешке, кара саадак), Кызыл-Таг (2-чи) бектигинде 183 үй – кийик найман, Чумбус бектигинде 115 үй – кызыл аяк-кыпчак, тогуз кыпчак, чал тейит. Каргалык уездинин Санджу-Сутет бектигинде 90 үй – бостон, найман, тейит, тисмат, Раскем бектигинде 60 үй – тейит, кесек, кызыл аяк-кыпчак, бостон, найман» [2, 235-236-бб.] уруулары турарын көрсөтөт.

Л.Г. Корниловдун берген маалыматтарында найман уруусунун кээ бир уруктары аталбай, алар жашаган жердин аталышы менен найман-сугурлук, гезчи, куприк-артчи, ой-тагчы, тугайчи деп аталып калган. Бостон уруусу жана кыдырша уруусунун мөшкө уругу кесек уруусунун курамында, ал эми кызыл аяк уругу кыпчак уруусунун курамында берилет. Балким бул уруулар ал жерде аз санда болгондуктан басымдуулук кылган уруунун курамына кирип калышы мүмкүн. Ошондой эле урук аталыштарында да катачылыктар кетирилген. Мисалы: жерде найман – жээрде найман, мешке – мөшкө, ж.б.

Л.Г. Корниловдун маалыматтарына таянсак, анда Кытай Памиринде ошол убакта кыргыздын *бостон, кесек* (кызыл аяк, кара саадак), *кыдырша* (мөшкө); *кыпчак* (кара кыпчак, сарт кыпчак, тогуз кыпчак), *тейит* (жаман тейит, кара тейит, чал тейит; *найман* (кийик найман, жерде найман, жоон пут найман, кийик найман, куран найман, мырза найман), *нойгут, төөлөс* уруулары жашагандыгы маалым болду.

Памирге XIX кылымдын аягында келген капитан Б.Путята «Сары-Колдогу Кытайга баш ийген жарандар, тажиктер отурукташкан Таш-Коргондон башкасы, бардыгы кыргыздар» [3, 49-б.] деп баса белгилеген.

Шотландиялык саякатчы Т.Э. Гордон «Дүйнөнүн чокусу» деген эмгегинде: «Кашгар түздүгү менен Сары-Колдун аралыгындагы жашоочулар – кыргыздар, ...Тагарма түздүгү Сары-Кол өрөөнүнөн 4 чакырым түндүк-чыгышта жайгашкан. ...Курумчу бийдин башкаруусу астында 100 кожолук кыргыздардын тейит уруусу бул жерде малдарын жайып жүрүшөт. Кызыл-Арт тайпак тоосу дайыма 1 000 кыргыз жана кыпчактар менен ээленген. Алар Кокондон 7 жыл

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



мурда азыркы башкарма Абдырахмандын кол башчылыгы астында келишкен» [4, 104-105,118-119-бб.] деп жазат.

Т.Э. Гордон боюнча Кытай Памиринде, тактап айтканда Тагарманы кыргыздын *тейит*, ал эми Кызыл-Арты *кыпчак* уруулары мекендешет.

Англиялык саякатчы, географ, дипломат жана чалгынчы Ней Элиас 1885-жылы Кашкардан Индияга болгон саякатында Кытай Памириндеги Кичи Кара-Көл аркылуу өтүп, Памир кыргыздарынын төмөндөгүдөй уруулардан турарын белгилейт: «Кара-Көл аймагындагы кыргыздар, дээрлик Памирдегидей эле, бир эле урууга таандык болбой, ушул аймакта болгон бардык уруулардын өкүлдөрүнөн турат. Алардын башкы төртөө – найман, тейит, кара тейит жана кесек, ошондой эле булардын көптөгөн майда уруктары бар. Кара-Көлдө, аталган төрт негизги уруунун өкүлдөрү бирге жашашып, аралашып үй-бүлө курушкан. Уруулардын эң көп саны боюнча тейит болушу мүмкүн, анда 600дөй боз үй же үй-бүлө бар деп айтылат» [5, 21-б.] - деп жазат.

Ней Элиасберген маалыматы боюнча XIX кылымдын аягында Кытай Памиринде кыргыздын негизги үч – *найман, тейит* (кара тейит), *кесек* уруулары жашап, алардын ичинде тейит уруусунун өкүдөрү басымдуулук кылган.

Англиялык саякатчы лорд Ч.А. Данмор Памирде жашаган кыргыздарды төрт бөлүккө бөлөт: найман, кыпчак, тейит жана кесек. Найман өзүнчө төрт урукка бөлүнөт: көн, босторгой, мырза, кийик. Бул уруктардан көн менен бозторгой орус бийлигинин астында болуп, Орус Түркстанынын Фергана аймагынын Маргалаңдын айланасында. Мырза менен кийик Кытайдын букарасы болуп, Таш-Коргондун чыгышындагы Гез, Чарлуң дарыясы жана Чакарагыл, Манжу, Булуң-Көл сыяктуу жерлерде турушат [6, 113-б.].

Кыпчак уруусу үч урукка бөлүнгөн: сарт, кыргыз кыпчак, калта байтал. Алардан сарт (Сары-Колдогу сарттар менен алмаштырбагыла) кыпчак уругу бирдей санда Россия (Орус Түркстаны – Н.Ж.) менен Кытайда турушат. Алардын көпчүлүгү Серес дарыясынын боюнда жашашат, кээ бирлери Кашкардын тегерегинде турушат. Кыргыз-кыпчактар сарт-кыпчактар менен чогуу жашашат. Калта байталдар кыргыздардын арасында сый-урматка ээ, негизинен бардыгы орустун бийлигинин астында, бирок Кытай жергесиндеги Чарланг дарыясынын бойлорунан бир нече үй-бүлөнү жолуктурса болот... Тейиттер эки урукка бөлүнөт: кара тейит жана сары тейит. Биринчиси Кара-Көлдө (Памир), Кара-Ташта жашашат жана кээ бирлери орус бийлигинин астында, Анжиянда (Фергана) турушат. Экинчиси Мургаб, Раң-Көл жана Алай-Памирде жашашат. Кисактар үч кичине урукка: бостан, кидиршах, кхандех [6, 113-115-бб.].

Лорд Данмор кыргыз урууларынын аталыштарын ката берген. Мисалы: бостан – бостон, калта байтал – кара байтал, кисак – кесек, кидиршах – кыдырша, кхандех – канды. Ошондой эле ал бостон, кыдырша, канды урууларын кесек уруусунун курамына туура эмес киргизген.

Лорд Данмордун берген маалыматы боюнча Памирде *бостон, канды, кесек, кыдырша, кыпчак* (сарт-кыпчак, кыргыз-кыпчак, калта байтал), *найман* (көн, босторгой, мырза, кийик), *тейит* (кара тейит, сары тейит) уруулары жашашкан.

Швед окумуштуусу С.А.Гедин 1894-1897-жылдары Памир-Алайга жана Чыгыш Түркстанга изилдөө экспедицияларын жасаган. Ал Найза-Таш өрөөнүндө чегитир, Кытай Памириндеги Кичи Кара-Көлдүн жанында 60 боз үйлүү 300 тейит кыргыздары, Чарлин, Кеңкол, Кой-Жол, Чегил-Гүмбөз айылдарында кыпчак-кыргыз уруусу, Пас-Рабатта кесек уруусу, Булак-Башыда кесек уруусу жашашат. Тагарма өрөөнүндө жашаган кыргыздар, кышты да, жазды да бул жерде өткөрүшөт. Аларда 80 боз үй бар, анын 50сү кесек, 30зу тейит урусундагы кыргыздарга тиешелүү. Ар бир боз үйдө орточо эсеп менен төрттөн адам жашайт. Тагармадагы бардык кыргыздардын беги болуп Мухамет-Юсуп саналат [7, 177-178, 207, 259,261,262, 270, 277-бб.] - деп жазат.

Сары-Колдун башкы кыркасынан чыгышка кеткен бир нече жылгалар жана өрөөндөр бар. Алардын негизгилери: Кара-Жылга, Жалаң жана Камалды. Бул жерде кыргыздын найман уруусу жашайт, беги Кубатбек. Кочкорчу жайлоосуна кара-тейит уруусуна тиешелүү. Алардын аксакалы чымыр, сүйкүмдүү, акылман, 96 жаштагы Түгөл-бай. Мустаг-Ата тоосунун этегиндеги Чал-Тумак деген жерде найман кыргыздары жыл бою жашашат, жайлоого бир же эки айга чыгышат [7, 316, 318, 349-350-бб.].

Оргума өрөөнүндө кыргыздын тавур уруусу. Улуг-Арт ашуусундагы айыл кыргыз-кыпчак, найман кыргыздарына тиешелүү. Мужи жайлоосунда кыргыздардын 60 боз үйлүү найман уурусу жашайт [7, 670, 672, 675, 679.]. Муну менен бирге Памир 2 болостко жана 7 аминдикке бөлүнгөндүгүн, алардын аталыштарын, ал жерде жашаган кыргыздардын жана алардын малынын санын көрсөтөт. Свен Гедин тобур кыпчак уруугун тавур уруусу деп ката жазат.

Демек, Свен Гединдин маалыматтары ошол убакта Кытай Памиринде *найман, тейит, кыпчак* (тобур кыпчак, кыргыз-кыпчак), *кесек* уруулары жашагандыгынан кабар берет.

К.П. Скрайндын «Кытай Борбордук Азиясы» деген эмгегине китептин котормочусу жана редактору А.В. Станишевский текстке төмөндөгүдөй кошумча түшүнүк киргизген: «Көчмөн кыргыздар бүгүнкү күнгө чейин уруулук түзүлүшүн сактап калышкан. Тагдумбаш-Памирден Кашкарга чейинки тоолуу

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



өрөөндөрүндө негизинен үч уруу жашайт: тейиттер (900гө жакын кожолук), кыпчактар (700 кожолук) жана наймандар (600 кожолук). Уруулар өз кезегинде майда уруктарга бөлүнөт» [8, 38-б.]. А.В. Станишевский бул жерде Кытай Памириндеги кыргыз урууларын жана алардын санын атап жатат.

1872-жылы А.П. Федченко түзгөн «Карта Кокандского ханства и верховьев Аму-Дарьи» деген картасына Чыгыш Памирде жашаган кыдырша уруусунун чоок уругунун аты «Киргизы чуок» деп түшкөн [9, 240-б.].

Тоо-кен инженери, геолог, Памирдин туң изилдөөчүсү Д.Л. Иванов 1883-жылы биринчилерден болуп памир кыргыздары тууралуу мындайча маалыматтарды калтырып кеткен: «Памирдин байыркы тургундары – кыргыздар. Булар өздөрүн ушул ысым менен атаган кыргыздар жана биз аларды кыргызкайсактардан же казактардан айырмалап, кара-кыргыздар деп атайбыз. Алар төрт урууга таандык: *тейит, гадырша, найман жана кыпчак*. Бул калктын негизги бөлүгү Түндүк жана Түштүк Гези өрөөндөрүндө (бектин кыштоосу Мужи өрөөнүндө), Раң-Көл аймагында, Ак-Байталда, Ак-Сууда жана Аличурда (20 түтүн кышташат), андан кийин Кокуй-Бел чөлкөмүндө. Мындан тышкары, бир-эки түтүн кыргыздар жайында Орто-Белдин жанында көчүп жүрүшөт, бирок ал жакта биротоло турушабы же жокпу, билбейм. Жогорку Тагармада дагы кыргыздар ушундай жашашат. Бул уруулардын бөлүштүрүлүшү төмөнкүдөй: алгачкы эки уруу негизинен батыш жана түштүк-батыш зонасында, ал эми түндүк-чыгышында негизги наймандар жана кыпчактар көчүп-конуп жашашат. Бул кыргыздар, биздин Алайлыктарга тууган» [10, 236-б.]. Д.Л. Ивановдун маалыматы боюнча ошол убакта Памирде кыргыздын *кыдырша, найман, тейит*, *кыпчак* уруулары жашашкан.

Е.Г. Грумм-Гржимайлонун Санкт-Петербург шаарындагы «Орус географтарынын коомунун» архивинен алынган кол жазмаларында төмөндөгүдөй маалыматтар кездешет: «Памир тоо кыркалары 50 000 чакырымды түзөт, ушундай чоң аянтта 565 боз үй; кара-кыргыздардын төмөнкү уруулары: Аличурда – дульбар, норус, Мустагда – сары тейит, кара тейит, Чечектиде – кыдырша, Кударада – кыпчактар, Мужу капчыгайында жана Кичи Кара-Көлдө – наймандар, ал эми кызыл аяк, утунчу, кочкара, бустон жана кара саадак баардыгы жогорку Данги-Даранын Сары-Коюнда жашашат» [11]. Грумм-Гржимайлонун бул берген маалыматтарында кыргыз урууларынын аталыштары ката берилип калган, тактап айтканда дульбар – дүрбөөл, норус – нооруз, утунчу – отунчу, кочкара – кочкор, бустон – бостон.

Демек, Г.Е. Грумм-Гржимайлонун жазганы боюнча Памирде *бостон, кесек* (кызыл аяк, кара саадак), *кыдырша, кыпчак, найман, тейит* (нооруз, отунчу, сары тейит, кара тейит), *төөлөс* (дүрбөөл) уруулары көчүп-конуп жүрүшкөн.

А.Е. Снесарев: «Памирде түрк тектүү, көчмөн, суннит мусулмандары болгон, болжол менен 2000 адамдай, кара-кыргыздар жашайт. Кара-кыргыздар өздөрүн жөн эле кыргыз деп аташат. Памир кыргыздары өздөрүн беш урууга бөлүп айтышат: теит, гадырша, найман, наурус-уручи и кипчак. Алардын негизги бөлүгү Түндүк жана Түштүк Гез өрөөндөрүндө, Ранг-Көл чөлкөмүндө, Ак-Су, Мургаб бойлорунда, Аличур жана Памир өрөөндөрүндө, Зор-Көлдүн жана анын айланасындагы көлдөрдө топтолгон. Кээ бир жеке чарбалар көптөгөн башка өрөөндөрдө чачыранды жайгашкан [12, 107, 109, 111-бб.].

А.Е. Снесаревдун Санкт-Петербург шаарындагы «Архив востоковедов Института восточных рукописей РАНда» сакталып турган кол жазмаларынан биз жогоруда аталган уруулардын майда урук бөлүкчөлөрү тууралуу төмөндөгүдөй маалыматтарды алдык: «Ранг-Куль аминдигинде жашаган тейит уруусунун бөрү, жаманаң, кара теит, кызыл баш, чегетир, чогорок; найман уруусунун бука, көн, чирда?; кыпчак уруусунун кулчак уруктары аталып, бостон, каңды уруулары кесек уруусунун курамындагы урук болуп көрсөтүлгөн. Ранг-Куль аминдигин тейит уруусунун чегетир уругунан чыккан амин Мамаюсуп Аблабаев башкарат.

Мургаб аминдигинде жашаган тейит уруусунун айтемир, бөрү, дүрбөөл, жаманаң, жансарык, кара теит, кутан, нооруз, отунчу, саидмат, согур, уйгур, чегитир; найман уруусунун беш ата, гуран, кийик, көн, кумарыкул; кыпчак уруусунун кулчак уруктары аталып, бостон уруусу кыдырша уруусунун курамындагы урук болуп жазылган. Мургаб аминдигин жана Памир волостун тейит уруусунун дүрбөөл уругунан чыккан болуш Худайберди Токтоматов башкарат.

Ак-Таш аминдигинде жашаган тейит уруусунун алапа, бөрү, бука, дүрбөөл, жаманаң, кочкор, кутан, кызыл баш, отунчу, сеидмат, чогорок, шаим; найман уруусунун гуран, жоон пут, кумарыкул; кесек уруусунун куралай, мушка, шаабулут; кыдырша уруусунун чоок, шамирек жана калмак уруктары аталат. Ак-Таш аминдигин амин Раимберди Берков башкарат.

Аличур аминдигинде жашаган кыдырша уруусунун айдаке, атабай, айтпек же айтчек, жутаңкы, казыке, олжочу, сукур же сокур, чоок, шамирек, ыңырчак, юзбаш; найман уруусунун көн; тейит уруусунун кочкор; кыпчак уруусунун кулчак уруктары аталып, кесек уруусунун кызыл аяк жана каңды уруусунун борбаш уруктары кыдырша уруусунун курамында берилет. Аличур аминдигин амин Якубай башкарат» [13].

А.Е. Снесаревдун маалыматтарынан төмөндө-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



гүдөй мүчүлүштүктөрдү байкасак болот. Ранг-Куль аминдигинде жашаган найман уруусунун курамына тейит уруусунун бука уругу киргизилип, бостон, каңды уруулары кесек уруусунун курамындагы урук болуп көрсөтүлүп калган. Мургаб аминдигиндеги жашаган бостон уруусу кыдырша уруусунун курамындагы урук болуп жазылган, төөлөс уруусунун дүрбөөл уругу тейит уруусунун курамында көрсөтүлгөн. Ак-Таш аминдигинде жашаган кесек уруусунун курамына кыдырша уруусунун мөшкө уругу мушка деп кирип калган жана кыдырша уруусунун курамында калмак этноними аталат. Аличур аминдигинде жашаган кесек уруусунун кызыл аяк жана каңды уруусунун борбаш уруктары кыдырша уруусунун курамында берилген. Ошондой эле кээ бир уруу жана урук аталыштары ката берилген. Мисалы: гадырша – кыдырша, кипчак – кыпчак, мушка – мөшкө, наурус – нооруз, теит – тейит, шаабулут – шааболот, юзбаш – жүзбаш ж.б.

А.Е. Снесаревдун архивде сакталган кол жазмасы боюнча XIX кылымдын аягында Чыгыш Памирде кыргыздын *бостон, каңды* (борбаш)*, кесек* (куралай, кызыл аяк, шаабулут), *кыдырша* (айдаке, атабай, айтпек, жутаңкы, казыке, олжочу, сокур, чоок, шамирек, ыңырчак, юзбаш, калмак), *кыпчак* (колчок), *найман* (беш ата, гуран, жоон пут, кийик, көн, камаркул, жээрде (чирда?), *тейит* (айтемир, алапа, бөрү, бука, жаманаң, жансарык, кара тейит, кочкор, кутан, кызыл баш, нооруз, отунчу, саидмат, согур, уйгур, чегетир, чогорок, шаим) жана *төөлөс* (дүрбөөл) уруулары жашашкан.

Полковник В.Н.З айцев «Памир өлкөсү – Түркстандын борбору» аттуу эмгегинде Памир кыргыздарын төмөнкүдөй аймактарга жайгаштырып, алардын мындай урууларын жана уруктарын атайт: Мургаб аймагында дурбаиль, науруз, текрен, чапкынды, чал-тейит, кипчак, кара-тейит, Ак-Таш аймагында алапа-ичкилик, шаим, кучкар, утумчи, бука, кизильбаш, найман, кисак, кутан; Ранг-Көл аймагында саратаит, чегетыр, бустан, чечарак, найман-кипчак; Аличур аймагында айжеке, олжоке, жапанчы, итурчак, кипчак, кизыл аяк жана казыке турушат. Муну менен бирге ал аталган аймактарда канча түтүн кыргыз бар экендигин, жылкы, төө, кой ж.б. санын таблица аркылуу көрсөтөт [14, 76-б.]. В.Н. Зайцев кээ бир кыргыз уруулары менен уруктарынын аталыштарын ката берет. Мисалы: дурбаиль – дүрбөөл, науруз – нооруз, утумчи – отунчу, кисак – кесек, саратаит – сары тейит, бустан – бостон, айжеке – айдаке, жапанчы – жутаңкы, итурчак – ыңырчак, текрен текрең, чечарак – чогорок ж.б.

В.Н. Зайцевдин жогоруда берген уруу жана уруктардын аталышынын негизинде Чыгыш Памирде ошол убакта кыргыздын *бостон, кесек* (кызыл аяк), *кыдырша* (айдаке, жутаңкы, казыке, олжоке, ыңырчак, текрең), *кыпчак, найман, тейит* (алапа, бука, кара-тейит, кочкор, кутан, кызылбаш, нооруз, отунчу, сары-теит, чал-тейит, чегетир, шаим), *төөлөс* (дүрбөөл) уруулары жашап турушкан. Ал эми В.Н. Зайцевдин маалыматындагы *чапкынды* уругун биз азыркы Лейлек районун мекендешкен *чапкылдык* уругу менен салыштырсак болот. Я.Р. Винников өзүнүн эмгегинде *чапкылдыкты* найман уруусунун курамына урук катары киргизген. Н.Туран Я.Р. Винниковдун эмгегине жана Памирде сакталган найман уруусунун эски санжырасына таянып, *чапкылдык* уругун найман уруусунун курамына киргизген.

Чыгыш таануучу, Памирди изилдөөчү, орустун генерал-майору А.Г. Серебренников «Памирлик кыргыздар негизинен төмөндөгүдөй төрт урууга тиешелүү: тейит, хадырша, найман жана кыпчак, алардын биринчи экөөсү Памирдин батыш жана түштүк-батышында, калгандары түндүк-чыгышында көчүп-конуп жүрүшөт», деп жазып, жашаган кыргыздардын санын берет [15, 141-142-бб.]. Серебренников кыдырша уруусунун аталышын хадырша деп ката жазат. А.Г. Серебренниковдун маалыматы боюнча Чыгыш Памирде кыргыздын *кыдырша, найман, тейит*, *кыпчак* уруулары жашашкан.

Поляк тектүү орус генерал-майору Л.Г. Скерский «Памир тууралуу кыскача очерк» деген эмгегинде Памирдин жошоочулары монгол урууларына таандык – Чыгыш Памирде көчүп жүрүшкөн кыргыздар. Памир кыргыздары беш урууга таандык: теит, гадырша, найман, наурус-уручи жана кипчак. Негизинен алар Раң-Көл ойдуңунда, Ак-Суу дарыясынын өрөөнүндө, Аличур өрөөнүнүн жогорку жана башка бөлүгүндө, Кударада, Белизде, Көк-Жарда жана Кокуй-Бел суусунун бойлорунда көчүп-конуп жүрүшөт. Кеч күздө Улуу Памирдин жогорку бөлүгүнө жана Вахан кырка тоосунун түндүк капталдарындагы капчыгайларга Аличур менен Истык дарыяларынын жогорку агымындагы кыргыздар келип кыштаашат [16, 35-38-бб.]. Муну менен бирге Л.Г. Скерский аталган аймактарды башкарган бектердин аттарын атап, кыргыздардын түтүнүнүн жана алар кармашкан малдардын санын берет. Л.Г. Скерскийдин маалыматтарында кыргыз урууларынын аталыштарында мүчүлүштүктөр кетирилген. Мисалы: теит – тейит, гадырша – кыдырша, наурус-уручи – нооруз уруусу жана кипчак – кыпчак.

Демек, Л.Г. Скерскийдин маалыматтары боюнча Чыгыш Памирде кыргыздын *кыдырша, найман, тейит* (нооруз), *кыпчак* уруулары жашашкан.

Франциялык натуралист, ботаник жана изилдөөчү Жан-Гийом Капус: «Чындыгында бул памирликтер түрк-могол тектүү – кыргыздар. Булар кара-кыргыз улуу этникалык тобуна кирет, алар ушул кезге чейин бурут деп аталат жана үч жүздүн ордосундагы кыргыздардан айрым физикалык жактан жана

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



өзгөчө жашаган жери менен айырмаланат. Биринчилери кыргызбыз десе, экинчиси өзүн казак же кайсак деп аташат. Кара-кыргыздар Талас жана Чаткал ойдуңдарынын тоолорунда, Тянь-Шандын тоо этектеринде, Ысык-Көлдүн жээгинде, Алай жана Памирде жашаган көчмөн уруулар. Памирлик кыргыздар төрт урууга, атап айтканда: *тейит, кыдырша, найман* жана *кыпчактарга* таандык. Эгерде жайкысын Памирде алардын саны бир нече миңге жетсе, анда кыш мезгилинде бир-биринен оолак, зор тоо кыркаларынын эң корголгон чачыранды өрөөндөрүндө 100-250дөй түтүн гана калат. Ранг-Көлдүн тегерегиндеги өрөөндөрдүн бурчтарында, Шатпут жана Кош-Агыл өрөөндөрүндө, Мургаб дарыясынынын бойлорунда, Ак-Байталдан анча алыс эмес жерде, Ак-Сууда, андан алыс эмес Ыстыкта, Ак-Ташта, Кичи Памирде, Кызыл-Корумда, Мулкалада, Андаман жана Аличурда алардын 2ден 20га чейин боз үйдөн турган жатактары жолугат. Бул кыргыз уруулары Түндүк жана Түштүк Гез өрөөндөрүндө жана Кокуй-бел ойдуңунда, Кудара өрөөнүндө, ал тургай Тагарманын түпкүрүндө да жолугат. Тейиттер эң көп окшойт, биз Памирде кышында жолуккан адамдардын көпчүлүгү ушул урууга таандык болушкан, алар Алайлык уруулар менен теқтеш болушат» [17, 534-б.] - деп жазат.

Ооган Памириндеги кыргыздар тууралуу учкай маалыматтарды Дж. Вуд, Дж.Н. Керзон, М.А. Стейн, Т.Э. Гордон, С.Г. Троттер, Ф.Э. Юнгхазбенд ж.б. батыш европалык саякатчылардын эмгектеринен алсак болот.

Жогоруда келтирилген тарыхый материалдардын негизинде Памирдин (Кытай Памири, Чыгыш Памир, Ооган Памири) көсөтүлгөн аймактарын XIX кылымда кыргыздын абат, бостон, каңды, кесек, кыдырша, кыпчак, найман, нойгут, тейит, төөлөс уруулары байырлап, мекендеп келишкен. Аталган уруулар Алай аймагында жана Чыгыш Памирде жашаган кыргыздарга уруулаш тууган болушат. Кыргыз-кыпчактар – Жети-Шаар мамлекетин негиздөөчү эмир Жакыпбек менен так талашкан атактуу Садык-бектин туугандары; наймандар – Чоң Алай өрөөнүнүн батыш тарабында жашаган найман уруусунун бир бөлүгү; тейиттер – Ноокат районундагы тейиттердин туугандары экендиги маалым болду.

Алардын ичинен аталган аймакта сан жагынан Кытай Памиринде кыпчак, найман уруулары басымдуулук кылышат, андан кийин тейит жана кесек уруулары турушат. Аталган кыргыз уруулары Кашкар аймагынын территориясын өзүлөрүнүн байыркы мекени деп эсептешет. Кыргыздардын бул аймак менен болгон байланышын ал жердеги Абат, Бозала, Бостон-Арча, Бостон-Арча-Суу, Бостон-Нор, Бостон-Терек, Бостон-Тогорок, Кыпчак, Меркит, Орху-Нор, Тобур, Төөлөс ж.б. деген топонимикалык аталыштар кошумча тастыктап турат.

Чыгыш Памирде тейит, кыдырша, кесек уруулары басымдуулук кылып, ал эми найман жана кыпчак уруулары азчылыкты түзүп, алардын айылдары чачкын жайгашкан.

Ооган Памиринде, тактап айтканда, Кичи Памирде тейит уруусунун өкүлдөрү башка уруулардан сан жагынан басымдуулук кылат. Адан кийин кесек, кыдырша, кыпчак уруулары турат. Улуу Памирде кесек уруусу басымдуулук кылат. Адан кийин сан жагынан кыдырша, найман, кыпчак уруулары турат.

Памир (Кытай Памири, Чыгыш Памир, Ооган Памири) аймагында жашаган айрым уруулардын өздөрүнө таандык адам санынын аз болгондугуна байланыштуу социалдык мартабасы жогору жана мүчөлөрүнүн саны көп болуп келген урууларга кошулуп кеткендигин көрүүгө болот. Бирок бул кошулуулар стихиялык түрдө эмес, а уруулук закон ченем боюнча. Мисалы бостон уруусу дайыма кесек уруусунун курамында айтылат.

Кытай Памириндеги жана Ооган Памириндеги кыргыздар этникалык составы боюнча Чыгыш Памирдеги кыргыздар менен бирдей уюткуну түзүп, биринчиси 1881, 1884-жылдары, экинчиси 1895-жылы Памирди географиялык жактан Улуу державалардын (Кытый, Орус жана Британия империялары) ортосунда бөлүштүрүүнүн натыйжасында гана бөлүнүүчүлүк абалга дуушар болушкан. Аталган Памирдин үч аймагындагы кыргыздар бири-бири менен гана бир уюткуну гана түзбөй, алар Каратегиндик, Кашгар, Хотан, Алай жана Фергана өрөөндөрүндөгү ичкилик кыргыздар менен да теқтеш болушат. Алардын уруктук курамындагы бөлүнүштөрдө эч кандай айырмачылыктар жок.

**Адабияттар:**


1. Попель-Махницки В., Плескачиньски А., Плескачиньска К. Неоткрытые путешествия. Дневник экспедиции Б.Громбчевского 1889-1890 гг. как свидетельство истории и элемент культурного наследия. Poznan: Wydawnictwo Naukowe Uniwersytetu Im. Adama Mickiewicza w Poznaniu, 2017. – LXVII, 601 с.
2. Корнилов, Л.Г. Кашгария или Восточный Туркестан. Опыт военно-статистического описания [Текст] / Л.Г. Корнилов. – Ташкент, 1903. – 445 с.
3. Путята Д.В. Очерк экспедиции генерального штаба капитана Путята в Памир, Сарыкол, Вахан и Шугнан 1883. [Текст] / Д.В. Путята // СМА. – СПб.: Военная типография, 1884. - Вып. 10. - С. 1-88. Прилож. к очерку экспедиции кап. Путята. Маршрутное описание. – С. 240-301.
4. Gordon, T.E. The roof of the World [Text]: being the narrative of a journey over the high plateau of Tibet to the Russian frontier and the Oxus sources on Pamir / by T.E.Gordon. – Edinburgh: Edmonstjn and Douglas, 1876. - XIV, 171 p., with map.
5. Elias, Ney. Report of a Mission to Chinese Turkistan and Badakhshan in I885-86 [Text] / by Ney Elias. Calcutta: Government Printing, 1886. – 114 p., with a route map.
6. Dunmore, Charles Adolphus Murray, 7th Earl. The Pamirs. A Narrative of a Year’s Expedition on horseback and on foot through Kashmir, Western Tibet, Chinese Tartary, and Russian

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



Central Asia [Text] / by C.A.M. 7th Earl Dunmore. 2 Vols. – London: John Murray, 1893. – Vol. 2. – XI, 340, III p.

7. Hedin Sven A. Through Asia [Text] / by S.A.Hedin. Vol. 1-2. – London: Methuen& Co., 1898. Vol. 1. XX, 663 p., 3 list il., 1 map; Vol. 2. XII, 664-1278 p., 1 list il., 1 map.
8. Скрайн К.П. Китайская Центральная Азия (Синьцзян). - М.: Молодая Гвардия, 1935. Аталган эмгек «Skrine, C.P. Chinese Central Asia. – New York-London, 1926» китебинин орусча котормосу.
9. Федченко А.П. Объяснительная заметка к карте Кокандского ханства и прилежащих стран [Текст] / А.П. Федченко // Известия ИРГО, 1872. – Т. VIII. № 6. – СПб.: Типография В. Безобразова и Ко, 1873. – С. 230-244.
10. Иванов Д.Л. Путешествие на Памир [Текст] / Д.Л.Иванов // ИИРГО, 1884. - Т. XX. - Вып. 3. - СПб.: Типография А.С. Суворина, 1884. - Т. 20. - Вып. 3. - С. 209-252.
11. Архив ГО. Ф. 32, оп. 1, д. 35, л. 15.
12. Снесарев А.Е. Северо-индийский театр. (Военно-географическое описание) [Текст] / А.Е. Снесарев. - Ч.1. - Ташкент, 1903, [2], II,III, 347, 5с., с 4 л. карт в краск. и 1 л. табл. в краск.
13. Архив востоковедов (АВ) Института восточных рукописей РАН. Фонд 115, Опись 1, единица хранения №140: «Сведения о жителях Ранг-Кульского, Мургабского, Ак-Ташского, Аличурского аминства имеющих скот за 1903 года»; Фонд 115, Опись 1, единица хранения № 150: «Список туземной администрации русского Памира, Шугнана, Вахана, Горана представляемой к награде».
14. Зайцев В.Н. Памирская страна, центр Туркестана. Историко-географический очерк [Текст] / В.Н.Зайцев // ЕФО. – Вып. 2. – Новый-Маргелан: Типография Ферганского Областного Правления, 1903. – С. 1-78, с 1 л. карты в краск.
15. Серебренников А.Г. Памир (краткий очерк) [Текст] / А.Г. Серебренников // ЕФО. - Т.1. - Вып. 1. - Новый Маргелан: Типография Ферган. Обл. Правления, 1902. – С. 90-158.
16. Скерский А.Г. Краткий очерк Памира капитана Скерского [Текст] / А.Г.Скерский // СМА. – Вып. 50. – СПб.: Военная типография, 1892. – С. 14-40.
17. Capus Jean-Guillaume. Les Kirghizes du Pamir [Text] / Par le Jean-Guillaume Capus // Association Française pour l'Avancement des Sciences - Compte rendus de la 19e session, Limoges 1890. - Paris: Au Secretariat de L'Association, 1891. - P. 533-540.
18. Жолдошев Н.Ж. Алексей Павлович Федченко – первый русский исследователь памира. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2020. №. 1. С. 116-122.